United Nations Educational, Scientific and Cultural Organization

IPDC THE INTERNATIONAL PROGRAMME FOR THE DEVELOPMENT OF COMMUNICATION

Ассоциация Общинных СМИ

UCA УНИВЕРСИТЕТ ЦЕНРАЛЬНОЙ АЗИИ

# Курстун аталышы "ЖАМААТТЫК ЖМК"

# Учебный курс "ОБЩИННЫЕ СМИ"

# Course Title "COMMUNITY MEDIA"



Бул окуу курсу студенттерди жамааттык жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши, принциптери, түшүнүктөрү жана үлгүлөрү менен тааныштырат.

Этот предмет знакомит студентов с принципами, концепциями, моделями и практикой общинных СМИ

This course introduces students to the principles, concepts, models, and practices of community media.

© UNESCO 2020

ISBN

This publication is available in Open Access under the Attribution-ShareAlike 3.0 IGO (CC-BY-SA 3.0 IGO) license (http://creativecommons.org/licenses/by-sa/3.0/igo/). By using the content of this publication, the users accept to be bound by the terms of use of the UNESCO Open Access Repository (http://en.unesco.org/open-access/terms-use-ccbysa-en).

This study should be cited as follows: UNESCO/IPDC, 2020. Community Media Course, Almaty.

The designations employed and the presentation of material throughout this publication do not imply the expression of any opinion whatsoever on the part of UNESCO concerning the legal status of any country, territory, city or area or of its authorities, or concerning the delimitation of its frontiers or boundaries.

The ideas and opinions expressed in this publication are those of the authors; they are not necessarily those of UNESCO and do not commit the Organization. The same disclaimer applies to commissioned UNESCO publications cited in this study.

Author: Members of working groups and expert group
Working group:

- Community Media Association, Kyrgyzstan
- Association Communication, Kyrgyzstan

Expert group:

- Dr. Evangelia Papoutsaki, Associate Professor, Department of Media and Mass Communications, University of Central Asia;
- Dr. Lucy Palmer, Associate Professor, Department of Media and Mass Communications, University of Central Asia;
- Dr. Usha Harris, Associate Professor, Department of Media and Mass Communications, Macquarie University in Australia

Acknowledgements
The members of working groups and expert group wish to thank Sergey Karpov, UNESCO, for his detailed editorial and textual input and for his helpful comments on a draft version of this course.

Cover photo: ©Association of Community Media

Printed in Kazakhstan

“Жамааттык Медиа” окуу курсу Коммуникацияны өнүктүрүүнүн эл аралык программасы – ЮНЕСКОнун колдоосу астында, Жамааттык жалпыга маалымдоо каражаттарынын Бирлиги ишке ашырган “Кыргызстанда жамааттык ЖМК үчүн адистерди университетте даярдоо” долбоорунун алкагында иштелип чыкты. Жамааттык ЖМКлар Бирлиги Коммуникацияны өнүктүрүүнүн эл аралык программасы – ЮНЕСКОго, долбоордун өнөктөшү Борбордук Азия университетине жана окуу курсун иштеп чыккан жумушчу топторго ыраазычылык билдирет.

**Долбоордун жетекчиси:** *Турдубаева Элира,* БААУнун Журналистика жана массалык коммуникация программасынын профессору.

**1-топ**
**Топ жетекчиси** *Дүйшекеева Айна*, Доцент, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, Журналистика факультетинин Деканы
Топтун мүчөлөрү
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучулары:
*Жаныбекова Перизат, Желденбаева Жаркын, Сакыбаева Жыргал*
Кыргызстандагы Эл аралык университетинин окутуучулары:
*Өзгөнова Жазгүл, Токтогулова Айгүл*
Эл аралык Кувейт университетинин окутуучулары:
*Эмильбекова Асель, Абдыжапар кызы Нурзат*
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетини окутуучулары:
*Арсыбаева Чынара, Нooганова Елена, Кийизбаева Чолпон*
*Тилеков Сеитбек*, Эл аралык Ала-Тоо университетинин журналистика факультетинин деканы.

**2-топ**
**Топ жетекчиси** *Койчуманова Нургуль,* Эл аралык Кувейт университетинин журналистика жана коом менен байланыш кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу
Топтун мүчөлөрү
*Мамышева Жамийла*, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучусу
Бишкек мамлекеттик университетинин окутуучулары:
*Жанакунова Мээрим, Теишова Мадина*
Ош мамлекеттик университетинин окутуучулары:
*Осмонали кызы Мээрим, Мамырова Махабат, Даниярова Аймөөр, Аматова Гүлзина*

**3-топ**

**Топ жетекчиси** *Асанова Алтын*, филология илимдеринин кандидаты, доцент, Бишкек мамлекеттик университетинин Журналистика жана маалыматтык системалар факультетинин деканы.

**Топтун мүчөлөрү:**

Бишкек мамлекеттик университетинин окутуучулары:
*Болотбекова Кымбат, Калыбекова Наргиза,*
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучулары:
*Кылычбаева Эльмира, Джумагазиева Нуржан*
*Султанова Жыпар*, Кыргыз-Россия Славян университетинин окутуучусу

# Курстун аталышы: “ЖАМААТТЫК ЖМК”

Бул окуу курсу студенттерди жамааттык жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши, принциптери, түшүнүктөрү жана үлгүлөрү менен тааныштырат. Kalinga Seneviratne (Калинга Сеневиратне) тарабынан иштелип чыккан окуу программасы Азия өлкөлөрүндөгү жамааттык радиомаданиятына көбүрөөк басым жасалгандыктан, окуу курсун жана окутуучуларга педагогикалык ишинде контекстуалдык жаңычыл ыкма - амалдарды колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Учурда Кыргызстанда эле жамааттык 4 радио жана 21 мультимедиа борборлору ачылган. Ошондуктан өлкөбүздө жамааттык ЖМКлардын интенсивдүү өнүгүшү бул курстун өлкөбүздүн жогорку окуу жайларынын Журналистика факультеттеринде окутуу зарылдыгын жана актуалдуулугун далилдейт жана жамааттык медианын форматын, функцияларын, өнүгүү шарттарын изилдөөгө жана аларга кадрларды даярдоого шарт түзөт.

**Канчанчы курс:** 3-деңгээл – “Журналистика” багыты боюнча бакалавриаттын үчүнчү курсунда окуп жаткан студенттерге тандоо сабагы (3-курс).

**Курс тууралуу кыскача маалымат:** Бүткүл дүйнө жүзүндөгү жалпыга маалымдоо каражаттары коммерциялык негизде иштөөгө өтүп жаткандыктан, жергиликтүү жамааттардагы ЖМКда, айрыкча, коомдун корголбогон, аярлуу топтору көп уккан радиожурналистика бир топ кыйынчылыктарга кабылды. Кыргызстанда коомдук, мамлекеттик, коммерциялык жана жамааттык ЖМКлар иштейт. Окуу курсунун максаты – студенттер сабактан үйрөнгөн радиожурналистика көндүмдөрүн жергиликтүү жамаатка арналган, жамаат менен биргеликте ишке ашырылган коммерциялык эмес радиодо, мультимедиада колдонууну үйрөтүү.

**Курстун максаттары:**

- кеңири катышууга негизделген коммуникация теорясын жергиликтүү жа маат менен биргеликте чыгарыла турган радоберүүлөрдү кандайча колдонууга боло турганын көрсөтүп берүү;
- жамааттык радионун принциптери жана концепциялары менен тааныштыруу;
- студенттерге жергиликтүү жааат менен биргеликте радоберүүлөрдү түзүү мүмкүнчүлүгүн уюштуруп берүү;
- студенттергежамааттык радио станцияларды /берүүлөрдү даярдоочу жа маатта иштөө жана/же аларды башкаруу көндүмдөрүн үйрөтүү.

Бул мамиле улуттук, региондук жана эл аралык жаңылыктык макалаларга, ар бир сабактын, изилдөө жана практикалык тажрыйбасы темасына байланыштуу темаларды окуу жана талкуулоого даярдаган окуучулардын (жеке же биргелешкен) презентациялары менен окутуучунун теориялык салымын бириктирип турат

**Компетенциялар:**
Курстун мазмунун толук өздөштүргөн студент төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**БИЛҮҮ:**
- жамааттык медианын иштөө принциптерин билүү;
- жамааттык медианы ачуу ыкмаларын жана сценарийин билүү;
- өнүгүү жана катышуу теорияларын билүү;
- жамааттык медианын контентин түзүү жана берүүнүн багытын туура түзүү.

**КОЛДОНО БИЛҮҮ:**
- жамааттык медианын бизнес-планын иштеп чыгуу;
- жамааттык медиага тийиштүү материалдарды даярдоо;
- жамааттык медиага материалдарын эфирге даярдоодо техникалык каражаттарды колдоно билүү.

**Перереквизиттер:** Журналистиканын негиздери, Журналистиканын тарыхы, Тармактык журналистика, Жазуу жана редактирлөө көндүмдөрү

**Пострееквизиттер:** Массалык коммункациянын теориясы жана практикасы, Публицистиканын теориясы, Журналисттик чырмачылыктагы конфликт, ПРдын жана рекламанын негиздери, Эл аралык журналистика ж.б.
Окуу курсунун узактыгы: Он алты жума (эки жумасы модуль тапшырууга берилет), бир семестр.

**Жумасына канча саат:** төрт (бир сааттык лекция жана үч сааттык сабак/семинар), ошондой эле радиостанцияларга барып, же факультеттин радиостудиясында программаларды даярдоону иш жүзүндө үйрөнүү.

**Эскертүү:** студенттер радиопрограмманын кеминде бир модулун даярдашы керек. Бул окуу курсунда студенттер радиоберүүнүн жана мультимедиалык журналистиканын негиздерин үйрөнүшөт.

Студенттер колдо бар жөнөкөй санарип технологиясынын жардамы менен радиоматериалдарды жазып, түзөтүүнү билиши керек. Студенттер экинчи этаптагы радиопрограммалардын курсун алдын-ала окуп, радио жаңылыктар же ток-шоу сыяктуу кыйла татаалыраак радиопрограммаларды чыгарганды билип алышса жакшы болот.

**Методика:** Жергиликтүү жамааттарда материалдарды даярдоо жана радиостанцияларды, мультимедиалык борболорду башкаруу боюнча модуль "Журналистика" багытындагы бакалавриаттын төрт жылдык программасынын үчүнчү курсунун студенттери үчүн тандоо сабагы катары иштелип чыккан. Ошондой эле окуу курсун жергиликтүү окутуучу жамааттык телерадиокомпанияларда иштеген журналисттер үчүн онлайн түрүндө өтсө болот. Окутуучу студенттерди материал даярдаганды үйрөнүшү үчүн өндүрүш практикасына жөнөтүп турат.

Окуу курсунда он торт жумадан он алты жумага чейин созулган апталык лекциялар, аудиторияда өтүлүүчү сабактар жана өндүрүш практикасы камтылган. Курсту эки жумалык интенсивдүү курс түрүндө да өтсө болот. Бул учурда окуу планы эки жумалык окуу курсу катары бир аз өзгөрүлөт. Окуу курсунун кыска жазуулары, макалалар, электрондук ресурстар жана видеолор сыяктуу материалдары электрондук китепканада сакталат.

Онлайн режиминде окутууну сөзсүз түрдө аудиторияларда/семинарларда бетме-бет жолугушуулар менен айкалыштыруу керек. Интернет аркылуу иштөө үчүн окутуучулар менен студенттер бири-бирин билиши керек. Экинчиден, окууга көбүрөөк шыктандырып, ар кандай суроолорду талкуулоо, көйгөйлөрдү чечүү, жергиликтүү жамаатты жана анын керектөөлөрүн жакшыраак түшүнүү үчүн окуу курсунун башында аудиторияда бир сабак өтүү керек. Окуунун канчалык деңгээлде ийгиликтүү өтүлүп жатканын аныктоо үчүн аудиторияда/семинарда жолугуп, жазылган радиоматериалдарды/долбоорлорду угуп, алардын мазмундарын жана майнаптуулугун такай талкуулап туруу керек. Аудиториядагы акыркы жолугушуу ар бир студенттин/үйрөнчүк журналисттин жыйынтыктоочу долбоорлорунун натыйжалары менен таанышууга арналат.

**Педагогикалык ыкма:** Окуу курсунда ар кандай педагогикалык ыкма - амалдар колдонулат. Аны университеттерде акыркы жылдын он төрт-он алты жумага созулган семестринде өтсө болот. Бул учурда окуу курсу салттуу ыкма менен аудиториядагы сабактар түрүндө өтүлүп, ресурстук материалдар аудиторияда онлайн шилтеме аркылуу берилет. Мындан тышкары, окуу курсун жамааттык радиостанцияда иштеген журналисттер үчүн он төрт-он алты жумага созулган курс түрүндө апта сайын өтсө болот. Студенттердин өндүрүш практикасында даярдаган материалдары жергиликтүү радиостанция аркылуу обого чыгышы, мультимедиалык борбордун, окуу жайынын сайтына коюлушу мүмкүн. Бирок электрондук окутууну аудиторияларда бетме-бет жолугушуулар менен айкалыштыруу керек (окуу курсунун башталышында бир жолугушуу, ортосунда бир же жума сайын же эки жумада бир жолугушуу өткөрүп турса болот). Мындан тышкары, окутуучу долбоорго көз салып, көрсөтмө берип турушу керек.

Окуу курсу студентке багытталган практикалык курс болуп эсептелет. Демек, студенттер ар кайсы сабакта жасаган иштерине жана аларды белгиленген мөөнөттө бүтүрүүгө өзүлөрү жоопту болушат. Адатта, окутуучулар студенттерге ушул чөйрөдө биринчи кадамдарын жасап, тапшырмаларды аткарууда келип чыккан көйгөйлөрүн чечкенге жардам берген насаатчылардын милдетин аткарышат.

Бул окуу курсунун окутуучулары радиоберүү чөйрөсүн жакшы билиши керек. Колдон келсе, радиодо, айрыкча, коомдук радиодо же жамааттыкрадиодо мурда кийин иштеген журналист болсо, аябай жакшы болмок. Мындан тышкары, алар электрондук чөйрөдө окутуу ыкмаларын да жакшы билүүгө милдеттүү. Өнүгүп жаткан айрым өлкөлөрдө окутуучуларды эки чөйрөдө тең окутуп, даярдап алуу керек. Демек, ишти окутуучулар үчүн кошумча окуу уюштуруу менен баштоо керек. Ал үчүн ушул окуу курсунун мазмунуна жараша атайын окуу программасы түзүлөт. Тандалып алынган окутуучулардын тобу жана аларды даярдаган адистин катышуусу менен, пилоттук курсту баштасаңар болот. Окуу курсуна байланыштуу маселелерди тактап алгандан кийин, аны ар кайсы университеттерде жана жамааттык радиостанцияларда ишке киргизсе болот.

Ушул жерден эскерте кетүүчү нерсе, ар кайсы өлкөдөгү жамааттык радиостанциялар жана университеттер ар кайсы тилде иштешет. Андыктан, ушул окуу планын  жана айрым ресурстук материалдарды  англис тилинен  жергиликтүү тилге которуп, колдонуу сунушталат.

**Баалоо:** Университеттер үчүн: студенттердин билими төмөнкү жеке жана топтошуп аткарылуучу тапшырмалардын жыйынтыгы менен бааланат.

Университетте ар  бир сабак боюнча жыйынтыктоочу сынак  каралат. Окуу курсу практикалык сабактарга жана консультацияларга негизделген окуу модулу түрүндө иштелип чыккандыктан, баа коюуда студенттердин сабакка келгендиги эске алынат. Ошондой эле, студенттердин кеңири катышууга негизделген коммуникацияны жана массалык коммуникациянын башка теорияларын канчалык деңгээлде түшүнгөндөрүн аныктоо үчүн дилбаян жазуу ыкмасы да каралган. Төмөнкүдөй баалоо формуласы сунушталат:

- жамааттык радио жана мультимедиялык борбор тууралуу дилбаян жазуу (жекече иш): 10%
- радио жанан мультимедиялык контентти сунуштоо (топтук иш): 20%
- соңку жаңылыктарды даярдоо (топтук иш): 10%
- миң жылдык өнүгүү максаттары (МӨМ) боюнча жамааттык ЖМКнын аткарган функциясы (топтук иш): 10%
- жыйынтыктоочу долбоордун программасы (топтук иш): 40%
- сабакка катышуу: 10%.

**Студенттердин жетишкендиктерин баалоо**

Студенттердин канчалык деңгээлде түшүнгөндөрүн аныктоо үчүн дилбаян (эссе) ыкмасы да каралат:

- жамааттык медиа тууралуу дилбаян жазуу (жекече иш);
- радиопрограмма сунуштоо (топтук иш);
- соңку жаңылыктар берүүсү (топтук иш);
- миң жылдык өнүгүү максаттары боюнча радионун аткарган функциясы (топтук иш);
- жыйынтыктоочу долбоордун программасы (топтук иш).

Жамааттык ЖМК үчүн уюштурулган окуу программаларында баалоо талап кылынбайт, бирок катышуучулар окуу курсунун тастыктамасын алуу үчүн төмөнкү тапшырмалардын баарын аткарышы керек. Мындай тастыктама "Жамааттык ЖМК адистигинин тастыктамасы" түрүндө регионалдык же жергиликтүү университет менен кызматташтыкта берилет. Тастыктаманы алуу үчүн төмөнкү тапшырмаларды аткаруу керек:

- кеңири катышууга негизделген коммуникация методологиясы боюнча жөнөкөй сынак
- Жамаатык ЖМКга контент сунуштоо (топтук иш)
- соңку жаңылыктар даярдоо (топтук иш)
- миң жылдык өнүгүү максаттары (МӨМ) боюнча жамааттык ЖМКнын аткарган функциясы (топтук иш)
- жыйынтыктоочу долбоордун программасы (топтук иш)
- сабакка катышуу (студенттер сабактардын кеминде 75% катышуусу керек).

**Керектүү жабдуу:** Ушул окуу курсу өтүлүп жаткан университеттеги же жергиликтүү жамааттык ЖМКда кеминде үч санарип диктофону, Интернетке чыгуу мүмкүнчүлүгү бар үч компьютерге жана Protools сыяктуу аудио жазуулар менен иштеген программа талап кылынат.

## Окуу курсунун мазмуну

## 1-апта:
## Жамааттык медиа боюнча жалпы түшүнүк

1. Жамааттык медианын функциясын тактоо
2. Муктаждыгын аныктоого анкета жүргүзүү
3. Жамааттык медиага байланыштуу видеолорду көрүп чыгуу

Бул лекция “Жамааттык ЖМК эмне?” деген суроо менен башталып, өнүгүү жана кеңири катышууга негизделген коммуникация теорияларына арналат. Мындан тышкары, өнүгүү коммуникациясына кандай шарттар өбөлгө болгону жана ар кандай өлкөлөрдө жана шарттарда колдонулушу каралат.

**Видео:** AMIC, AIBD and Global Eye Media (2009), Mahaveli CommunityRadio. Студенттер долбоордун бааланышы тууралуу отчетту төмөнкү даректен жүктөп алышса болот: http://unesdoc.unesco.org/images/0005/000559/055973eo.pdf.

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак:** Видеону көрүп жана/же баалоо отчетун окуп чыгып,  “өнүгүүгө көмөктөшкөн коммуникация”, “өнүгүү коммуникациясы” жана “кеңири катышууга негизделген коммуникация” деген түшүнүктөрдү талкуулагыла. Аудиторияны топторго бөлүштүрүп, ар бир топко Кыргызстандагы бирден өнүгүү көйгөйүн алып чыккыла.

Студенттер өз топторунда кеңири катышууга негизделген коммуникация методологиясы боюнча өнүгүү көйгөйүн талдап чыгышат. Студенттер бир методология сунушташат (сөзсүз эле радиого байланыштуу эмес).

**Сунушталган адабияттар жана маалымат булактары:**

**Эскертүү:** Өнүгүү боюнча маселелерди талдоодо студенттер төмөндө көрсөтүлгөн адабиятарда чагылдырылган маселелерди эске алууга тийиш. Dagron (2001, pp. 7–32,37–48, 121–32, 157–62, 169–74, 199–204, 211–16, 223–28, 253–8, 313–16). Also Ascroft et al. (2008, chs 1, 2, 4, 5,10, 17), Kumar (2001), Lucas (1997), Mefalopulos (2003), Melkote (1993), Melkote and Muppidi (2002), Tufte and Mefalopulos (2009), van de Fliert and Hien (2009).

## 2-апта:
## Жамааттык коммуникация жана анын муктаждыктары

Лекция “Жамаат деген эмне?” деген суроонун тегерегинде жүрүп, көз караштардын өзгөрүшү, ЖМКнын функциясы жана алардын чектелиши, ЖМКнын коомдо ойногон ролу, ЖМК менен коммуникациянын укуктар менен мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү чөйрөсүнө караганда билим берүү жана өнүгүүдөгү мааниси, ошондой эле коммуникациянын маданий укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүдө ойногон ролу сыяктуу коммуникация процессинин ар кандай өңүттөрү каралат. Лекцияда жамаат менен коммуникациянын ортосундагы коммуникация каражаттары, өз ара көз карандылык жана коммерциялык эмес ЖМКлар жөнүндө сөз болот.

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак:** Жамааттык ЖМКнын долбоору жүзөгө ашырыла турган жергиликтүү жамаатты аныктап алуу үчүн студенттер топторго бөлүнүп иштешет. Студенттерди жергиликтүү жамааттын профили/картасы, ошондой эле өнүгүү жана коммуникация жаатындагы муктаждыктары же башка социалдык маданий көйгөйлөрү чагылдырылган отчеттор, статистикалык маалыматтар ж.б. материалдар менен камсыз кылуу керек. Студенттер/катышуучулар программанын жумушчу версиясын түзүүдөн мурун,жергиликтүү жамаатка, айыл тургундарына барып, консультацияларды өткөрүшсө болот. Жамааттык ЖМК кандайча түзүлө турганын кыскача айтып берсеңиз болот.

**Сунушталган адабияттар жана маалымат булактары**: Dagron (2001), pp. 217–22 (Community Media Network, Kenya), 259–64 (Chiapas Media project, Mexico), 271–6 (Grameen Village Phone, Bangladesh), 301–6 (InfoDes, Peru), 319–24 (Village Knowledge Centres, India). Also Anderson (1991), Bartle (2010), Dixit (2010), Fuller (2007), Henschke (2002), Jabbar, (2005) Jallov (2004), Kabilan (2009), Muppidi (2001), Pur (2003), Quebral (2008), Ramirez (1990), Tabing (2000), Tacchi (2005), Wattegama (2006).

## 3-апта:
## Жаматтык медианын башка өлкөлөрдө жана Кыргызстандагы өнүгүүдөгү айырмачылыктары

Бул сабакта “Альтернативдүү ЖМКлар деген эмне?” деген суроо, алардын иши кандай теориялык ыкма-амалдарга негизделе турганы жана альтерaтивдүү жалпыга маалымдоо каражаттарынын ар кандай үлгүлөрү, иштөө стилдери же системалары каралат. Айрыкча Азия, Африка, Латын Америка жана Европа жана Кыргызстандагы жергиликтүү жамааттардагы ЖМК ар кандай үлгүлөрүнө басым жасалат.

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак:** Студенттерди бир нече топко бөлүштүргүлө. Алардын ар бирине Alfonso Gumucio Dagron'нун Making Waves (2001) чыгармасынан альтернативдүү ЖМК долбоорун бергиле. Студенттер берилген долбоорду окуп чыгып, жергиликтүү жамаатта альтернативдүү ЖМК катары ойногон негизги ролунан тыянак чыгарышы керек. Же болбосо, «Free Media», «Free Minds» (Кейптаундун жамааттык телекөрсөтүүсү) видеолорун көрүп, андагы жергиликтүү контекстте каралган айрым көйгөйлөрдү талкууласа болот.

Практикалык сабактарга жамааттык медиада иштеген журналисттердин конок лекцияларын уюштуруу каралат. Ошондой эле Кыргызстандагы жамаатык медиа боюнча “Медиа кербен” уюштуруу максаттка ылайыктуу жана натыйжалуу болмокчу.

**Сунушталган адабияттар жана маалымат булактары**: Fraser and Estrada (2001, ch. 8), and Tabing (2008, ch. 3). Also Gosh (2010), IRIN (2008), Miglioretto (2008), Seneviratne (1989), Shankar (2010), Voices (n.d.). Seneviratne (2007), chs 3 (Indonesia: alternative media enjoys a fresh breeze), 4 (Malaysia: alternative media … only on the internet), 5 (Nepal: picking up steam) and 6 (Philippines: free environment encourages diversity). Also Albert (1997), Banerjee (2008), Chandran (2006), Chitty and Rattikalchalakorn (2007), Deane (2006), Naing (2006), Sivaraman (2006) and Young-Cheol (2004). Видеолор: Free Media, Free Minds (Cape Town Community TV) focused on alternative media; Rural Radio in Africa, Building Strong Community Radio in Latin America.

## 4-апта:
## Жамааттык медианын мүмкүнчүлүктөрү

1. Глобализация шарттарында жамааттык радио
2. Жамааттык радионун пайдалуу жактары
3. Жамааттык радионун маалыматтык коопсуздугу (тобокелдиктери)

Бул сессия студенттерди жамааттык радионун төмөнкүдөй негиздери менен тааныштырат: (университеттер үчүн): Өлкөңүздөгү (регионуңуздагы) радиостанцияларды, мультимедиалык борборлорду талдап чыгып, анын түзүлүү тарыхы жана активизм боюнча 2000-3000 сөздөн турган дилбаян жазып, анын ЮНЕСКО, AMARC жана Tambuli берген аныктамага канчалык деңгээлде туура келерин талкуулагыла. Студент бул тапшырманы окутуучуга практикалык сабактын 6-жумасында тапшырышы керек.

**Сунушталган адабияттар жана маалымат булактары:** Fraser and Estrada (2001, chs 1 and 2) and Tabing (2008, chs 1, 3 and 6). Also Havey-Carter (2009), Jayaweera (2001), Jayaweera andTabing (1997), Padhey, Pringle (2008), Seneviratne (1993) and Tabing (2008).

# 5-апта:
# Медиа борборлорду түзүү саясаты жана иштөө тартиптери

1. Медиа борборлордун концепциясын түзүү
2. Материалдык-техникалык базанын тизмесин түзүү
3. Медиа борбордун багытын аныктоо

Бул сессияда жамааттык ЖМКга жаңылык жазуунун  стилин, методикасын, принциптерин жана  фокусунун айрымачылыктарын    үйрөтөт. Экономикалык жактан кирешелүүлүгү жана жергиликтүү жамаатта радиостанцияга жана башка медиалардын же анын программасына болгон суроо-талапты кантип күчөтүү жолдору каралат. Азияда жана Австралия, Африка, АКШ жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин мисалдары талданат.

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак:** Студенттерди төрт топко бөлөсүз, Биринчи саатта топтордо баардыгы келип түшкөн сунуштар үчүн каршы же макул чыгууга даярданышат. Экинчи саатта модератор катары мугалим менен 20 мүнөт талашып-тартышыңыз.

- Дебат 1: Жамааттык медиа экономикалык жактан туруксуз.
- Дебат 2: Жамааттык медиа жана радио берүүлөрдү обого (эфирге) чыгаруу саясатты.

**Адабияттар:** Fraser and Estrada (2001, chs 3, 4 and 5), Ramakrishnan (2007, chs 1–6) and Tabing (2008, chs 1 and 2). Also Janchifah (2011) and Jayaweera (2006).

## 6-апта:
## Жамааттык радионун моделин түзүү

Бул сессияда Азия, Африка, Латын Америка жана Европа жана Кыргызстандагы жергиликтүү жамааттардагы ЖМК ар кандай үлгүлөрүнө басым жасалат.
Төмөндө ушул сабакта каралган үлгүлөрдүн айрымдары келтирилген:

- көз карандысыз жамааттык радио жана мультимедиа борборлору
- жогорку окуу жайлар менен кызматташтыкта түзүлгөн жамааттык ЖМК
- жергиликтүү бийлик органдары менен кызматташтыкта түзүлгөн жамааттык ЖМК
- диний уюмдар тарабынан түзүлгөн жамааттык ЖМК
- БӨУ иштеткен жамааттык ЖМК
- бирикмелер иштеткен жамааттык ЖМК
- этностук жамааттын ЖМКсы
- коммерциялык жамааттын ЖМКсы
- коомдук радионун программаларына камтылган жамааттык ЖМКлар.

**PowerPoint:** 'Жамааттык радионун үлгүлөрү'(AMIC).

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак:**

Төмөндө келтирилген радио жана мультимедиалык үлгүлөрдүн материалдарын угуп, төмөнкүлөрдү талкуулагыла:

- жергиликтүү бийлик органдарына таандык же алар каржылаган ЖМКнын артыкчылыктары менен кемчиликтерин талкуулагыла
- жамааттык радионун башкалардан айырмаланган чакыруу сигналы жана негизги радионун чакыруу сигналы эмне үчүн жамааттык радиого ылайыксыз болушу мүмкүн.

Ар бир студент жамааттык ЖМКга арнап, эки мүнөттөн ашпаган сценарий жазып, башка студенттерге көрсөтүп, алардын талкуусуна коюш керек.

**Аудио:** Seneviratne (2009) 'Radio DXLM in Maragusan, Philippines'; interview with M. Madhavan (1993).

**Адабияттар:** Fraser and Estrada (2001, ch. 8), and Tabing (2008, ch. 3). Also Gosh (2010), IRIN (2008), Miglioretto (2008), Seneviratne (1989), Shankar (2010), Voices (n.d.).

## 7-апта:
## Жамааттык медианын бизнес планы. Жамааттык радионун жана мультимедиялык борбордун түзүлүшүнө өбөлгө болгон шарттар

Бул сессияда жамааттык ЖМКнын экономикалык жактан кирешелүүлүгү жана жергиликтүү жамаатта радиостанцияга жана башка медиалардын же анын программасына болгон суроо-талапты кантип күчөтүү жолдору каралат. Азияда жана Африкада жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин мисалдары талданат. Мындан тышкары, өкмөт жамааттык ЖМКны колдоо фондуларын түзүшү керекпи, эгер керек болсо, кантип деген суроонун тегерегинде да сөз болот. Австралия, Түштүк Африка, АКШ, Филиппин жана башка мамлекеттерден алынган мисалдар да каралат.

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак:** Студенттерди үч топко бөлүңүз. Алар өз жамаатындагы/регионундагы төмөнкүдөй радиостанцияларды (ЖМК) каржылоо үлгүсүн талкуулап, сунушташы керек, сунуштар талкууланат.

- окуу жайы менен кызматташтыкта түзүлгөн
- жергиликтүү БӨУ иштеткен
- жергиликтүү бийлик органдары менен кызматташтыкта түзүлгөн
- жергиликтүү жамааттагы уюм же бирикме өз алдынча иштеткен.

**Сунушталган адабияттар жана маалымат булактары:** Arnaldo (2008), ‘Madanpokhara: a handful of rice’, pp. 36–54; Fraser and Estrada (2001), case studies on ‘Olutanga – a perfect location for Tambuli Radio’ (pp. 76–9) and Radio Ada, Ghana (pp. 85–9); Tabing (2005, ch. 5, ‘Managing finances’, pp. 33–4). Also ABC Ulwazi (2004), CBF (2002), Corporal (2008), Seneviratne (2009), Subba and Mainali (2008). See too the CBF website (www.cbf.com.au) and Media Development and Diversity Agency, South Africa website (www.mdda.org.za).

## 8-апта:
## Жамааттык медианын ыктыярчылар менен иштөөсү. Жамааттык медианы обого алып чыгуу.

1. жамааттык радионун саясаты
2. катышуучуларды/ ыктыярчыларчы тандоо
3. студенттер менен жаңылыктар, көңүл ачуучу программалардын планын түзүү
4. эфирдик сетканы түзүү

Бул сабак жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн кеңири катышуусу менен иштеген жамааттык радио жана мультимедиалык борборлордун үлгүлөрүн, башкача айтканда, "жамааттын мүчөлөрү өзүлөрү үчүн түзүшкөн ЖМКны" кантип түзүүгө боло тургандыгы каралат. Сабактын темаларында радиопрограммалар, башка материалдарды даярдаган адамдардын тобун түзүү маселелери каралат. Мындай топко жаштар, кыз-келиндер, жумушчулар жана жергиликтүү жамааттагы жалпы кызыкчылыктары боюнча уюшулган топтордун мүчөлөрү кириши мүмкүн. Ошондой эле жергиликтүү жамааттын катышуусу менен ток-шоулорду өткөрүп, жамааттагы жаңылыктарды жана жергиликтүү таланттарды түз обого чыгаруу мүмкүнчүлүктөрүнүн тегерегинде сөз болот. Филиппин аралдарынын, Индиянын, Соломон аралдарынын, Боливиянын, Даниянын жана Шри- Ланканын жана Борбордук Азия, Кыргызстан, КМШ өлкөлөрү каралат.

**Окутуучунун катышуусу менен өтүлүүчү сабак жана баалоо тапшырмасы:** Студенттерди үч адамдан турган топторго бөлүштүрүңүз. Алар жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү менен чогуу радиоберүүнүн долбоорун түзүп чыгышы керек. Бул долбоор аркылуу студенттердин билими бааланып, ал кийинки жумада окутуучуга тапшырылышы керек. Студенттер өздөрү жашаган айылдарда, же окуу жайына жакын айылдарда, же окуу жайларында радиоберүүлөрдү же мультимедиа борборун уюштуруу боюнча долбоорлорду сунуштаса болот.

**Адабияттар:** Banerjee (2008), Bresnahan (2007), Ebrahim (2009a, 2009b), Isabel Learning Network (n.d.), Jirattikorn (2006), Rolls (2012), Seneviratne (2012), Singh (2010), Tibayan (1998).

## 9-апта:
## Жамааттык медианын экономикалык жактан кирешелүүлүгү жана маркетинги.

Бул сессияда жамааттык ЖМКнын экономикалык жактан кирешелүүлүгү жана жергиликтүү жамаатта радиостанцияга жана башка медиалардын же анын программасына болгон суроо-талапты кантип күчөтүү жолдору каралат. Азияда жана Африкада жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин мисалдары талданат. Мындан тышкары, өкмөт жамааттык ЖМКны колдоо фондуларын түзүшү керекпи, эгер керек болсо, кантип деген суроонун тегерегинде да сөз болот. Австралия, Түштүк Африка, АКШ жана Филиппин башка мамлекеттерден алынган мисалдар да каралат.

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак:** Студенттерди үч топко бөлөбүз, алар өз жамаатындагы медиа борборлордун каржылоосун талкуулашат жана сунушташат.

1. ЖОЖ менен кызматташтык түзүү
2. жергиликтүү БӨУ иштетүү
3. жергиликтүү бийлик органдары менен кызматташтыкта түзүлгөн
4. жергиликтүү жамааттагы уюм же бирикме өз алдынча иштеткен.

**Окутуучуга кеңеш:** салыштырып талкуулоо максатында, жамааттык радиодо жана мамлекеттик радиодо берилген жаңылыктар программасынын үзүндүсүн жаздырып алып, студенттерге угузсаңар болот.

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак:** Студенттерди эки топко бөлүштүргүлө. Ар бир топ 15 мүнөткө созулган жаңылыктар программасын даярдайт. 3 мүнөт Интернеттен алынган улуттук жана эл аралык жаңылыктардан турса (“сууруп алып окудум” стилинде даярдалган), 12 мүнөт жергиликтүү жамааттын ишкердик, саясий, криминалдык репортаждарын, ошондой эле транспорт жана ден-соолук жаатындагы жаңылыктарга арналат. Жергиликтүү деңгээлде уюштурулган маектешүүлөрдүн “аудио жазууларын” деле колдонсо болот, бирок алар аудиторияда жазылган маектешүүгө окшош болуп калат. Андан соң программа аудиторияда жазылып, ойнотулат.

**Сунушталган адабияттар жана маалымат булактары:** Arnaldo (2008), ‘Kothmale: Radio browsing the internet’, pp. 24–30. Also Op de Coul (2003), Milosevic (n.d.a) (a step-by-step session on producing a radio program inradio browsing format, developed by OneWorld Radio), Milosevic (n.d.b), UNESCO (2004, 2005).

## 10-апта:
## МӨМдүн негизинде жамааттык медианын орду. Жамааттык медианын кызматташтык алакаларын түзүү.

1. Айыл өкмөтү менен кызматташуу планы
2. МӨМдү жамааттык радио аркылуу жайылтуу
3. Жамааттык медианы башкаруу

Колдо бар жөнөкөй радио каражаты же мультимедиа борбору аркылуу карапайым калктын ой-пикирин жумурай журтка жеткирип, кайдыгер угуучуларды медиа материалдарды түзүүгө жигердүү катышкан адамдарга айландырса болот. Бул сабак өнүгүү жана кеңири катышууга негизделген коммуникация стратегиясы аркылуу МӨМдү жамааттык радиолор жана мультимедиалык борборлор аркылуу жайылтуу жолуна көбүрөөк көңүл бурулат. Жамааттык ЖМК айылдардын, аймактардын жакынкы жана алыскы өнүгүү максаттарын (МӨМгө ылайыктап) орундатууга көмөктөшкөн контентти даярдап, обого жана интернетке алып чыгуу үчүн өнүгүү маселелер боюнча иштеген адистер, мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү менен иштешкен учурлар талкууланат. Жамааттык ЖМК жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүнө салым кошкон, ошол эле маалда жергиликтүү деңгээлде майнаптуу башкарууга жана демократиялык негизде катышууга көз салуучу каражат катары каралат.

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак:**

- Студенттер менен аудиторияда жаңылыктарды угуп, талкуулагыла;
- Жамааттык радионун МӨМга байланыштуу программаларын даярдоо боюнча ой бөлүшүү;

**Баалоо тапшырмасы:** МӨМ маселелерине байланыштуу 10 мүнөттүк радиопрограмма жана башка контент түзүү үчүн студенттер эки адамдан турган топтордо иштешет. Мындай программада жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү катышса болот, бирок сөзсүз түрдө эмес. Башка мамлекеттик кызматкерлердин, жергиликтүү бийлик органдарынын жана өнүгүү маселелери боюнча уюмдардын өкүлдөрү да катышса ашыкча болбойт. Бул тапшырма топтошуп талкуулоо же радио жаңылыктарды даярдоо ыкмасы түрүндө өтүлөт. Радиоберүүдө жергиликтүү жамааттын кеминде “үч ар башка добушу” угулушу керек. Жаздырылып алынган программа же мультимедиалык материал кийинки сабакта аудиторияда окутуучу тарабынан бааланат.

**Сунушталган адабияттар жана маалымат булактары:** AMARC WIN (2008), Feria et al. (2006), Gevera (2007), Philippines Information Agency (2010), Shah and Kokje (2009); Sun Star (2011), WINET (2008).

## 11-апта:
## Интернет, жаңы медиа жана жамааттык медиа

Бул сабак жамааттык радиоберүүлөрдү байытуу жана мультимедиа түрүндө жайылтуу максатында маалымат булагы катары колдонула турган Интернет жана “жаңы ЖМКлардын”  технологияларына арналат.

Шри-Ланкадагы Kothmale радиосунун “Интернетте иштеген радио” пилоттук долбоору, анын жолун жолдогон башка окшош долбоорлор менен кошо каралат. Мындан тышкары, Интернет аркылуу жайылтуу жана мобилдик телефондор аркылуу берүү технологиялары жөнүдө сөз болуп, студенттер жашаган жерлердеги жана эл аралык деңгээлдердеги мисалдар келтирилет. Студенттер жергиликтүү жамааттардын мультимедия борборлорунун концепциялары менен түзүлүшү, ошондой эле Soundcloud жана Hindenburg аудио программалары сыяктуу жаңы коммуникациялык технологиялар менен таанышат.

**Адабияттар:** Khan (1004), Librero (2009), Sharma (2002), Vyas et al. (2002). Website: Government of Australia School of the Air.

# 12-апта:
# Жамааттык ЖМКларда материалдары даярдоо: жаңылыктар жана учурдагы окуялар

1. «Элет баяны»
2. «Элдик талант»
3. «Айыл өкмөтү түз эфирде»

Бул сабак жамааттык радионун жаңылыктарды жана учурдагы окуяларды жазуу принциптерине, стилине жана объекттерине арналат. Алар негизги жаңылыктардан эмнеси менен айырмаланат? Студенттер Интернеттен, жергиликтүү жамааттан, улуттук жана башка булактардан алынган альтернативдүү маалымат булактарын изилдешет. Алар жамааттык радионун табигый кырсык болгон, өлкөдө/региондо саясий же социалдык башаламандык күч алып турган мезгилде ойногон ролун, ошону менен катар жаңылыктарды чагылдыруу/фокустоо аркылуу альтернативдүү экономикалык жана өнүгүү үлгүлөрүн жайылтуу жолдорун талкуулашат.

Кыргызстандын Нарын, Ысык-Көл,  Жалал –Абад, Ош, Баткен,  Чүй областтарында жамааттык  21 мульти-медиа борборлору түзүлгөн. Алар ар кандай форматтарды жана медиа сервистерди колдонуу  менен аудиосюжеттерди, сурамжылоону, фоторепортаждарды, видеоматериалдарды камтыган контентти  даярдап турушат. Негизинен алар даярдаган контент менен өздөрүнүн сайттарынан,  Facebook, Odnoklassniki,  Twitter  сыяктуу социалдык тармактардан, ошондой эле “Голос Айыла” мобилдик тиркемесинен таанышса болот. КТРКнын Биринчи радиосунда  “Элеттен кабар” рубрикасынын  уктурулат.

Студенттер жергиликтүү жамааттардын мультимедия борборлорунун концепциялары менен түзүлүшү, ошондой эле Soundcloud жана Hindenburg аудио программалары сыяктуу жаңы коммуникациялык технологиялар менен таанышат.

**Окутуучуга кеңеш:** салыштырып талкуулоо максатында, жамааттык радиодо жана мамлекеттик радиодо берилген жаңылыктар программасынын үзүндүсүн жаздырып алып, студенттерге угузсаңар болот.

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак**: Студенттерди эки топко бөлүштүргүлө. Ар бир топ 15 мүнөткө созулган жаңылыктар программасын даярдайт. 3 мүнөт Интернеттен алынган улуттук жана эл аралык жаңылыктардан турса (“сууруп алып окудум” стилинде даярдалган), 12 мүнөт жергиликтүү жамааттын ишкердик, саясий, криминалдык репортаждарын, ошондой эле транспорт жана ден-соолук жаатындагы жаңылыктарга арналат.

**Баалоо тапшырмасы:** Студенттерди үч адамдан турган топторго бөлүштүргүлө. Ар бир топ жергиликтүү жамааттын радиосу үчүн 15 мүнөткө созулган чыныгы жаңылыктар программасын жана аудио үзүндүлөрдү даярдашат. Жаздырылып алынган программа кийинки жумада аудиторияда ойнотулуп, окутуучу тарабынан бааланат.

**Сунушталган адабияттар жана маалымат булактары:** Адабияттар: Khan (1004), Librero (2009), Sharma (2002), Vyas et al. (2002). Website: Government of Australia School of the Air.

## 13-апта:
## Жамааттык медиа жана Эдвокаси

- жамааттык медианын негизги функциялары
- жамааттык медианын пайдалуу жактары
- жамааттык медианын коркунучтары
- жамааттык ЖМК жана активизм

Ошондой эле  сабакта карапайым калктын пикири коммерциялык жана өкмөттүк ЖМКнын оргуштаган агымдарында канткенде жалпыга угулуп, жамааттык радио активизим куралы катары кандайча колдонула тургандыгы талданат. Фиджи жана Түштүк Африканын үлгүлөрү каралат. Ошол эле учурда, жамааттык ЖМКнын активисттерине келтирилген коркунучтар, айрыкча, Филиппин аралдарында жана Мексикада курман болгон радиожурналисттер тууралуу сөз болот. Эл аралык тажырыйба менен жергиликтүү жаматтык медианын  жана активизм маселесин салыштырып талдоо сунушталат. Мындан тышкары Кыргызстандагы жамааттык медианын модели,  абалы, келечеги жана өнүгүүсү окутулат.

**Окутуучу менен өтүлүүчү практикалык сабак:** Сунушталган адабияттардан керектүүсүн тандап, жамааттык радионун сунушталган материалдагы ар кандай өңүттөрүн өлкөңүздөгү учурдагы кырдаалга салыштырып талкуулагыла. Студенттер менен активизм  маселесин кылдат талдап, алардын пикирлерин угуу үчүн мисалдардын бирөөсүн алсаңыз  болот.

**Шилтеме:** Fiji: femLINKpacific: www.femlinkpacific.org.fj/index.cfm?si=main.gen&cmd=communityradioactivismSouth Africa: Radio shows support for 16 days of activism: http://www.bizcommunity.com/Article/196/59/86394.html

## 14-апта:
## Жамааттык ЖМКнын табигый кырсыктар учурунда берген жардамы

Жамааттык ЖМК табигый кырсыкка даярдык көрүүдө жана анын кесепеттери менен күрөшүүдө чоң роль ойнойт. Табигый кырсык шарттарында жамааттык ЖМК берген жардамы 2004-жылы Индонезияда жана Тайландда болуп өткөн цунамиде жакшы көрсөтүлгөн. Дүйнө жүзүндөгү көпчүлүк өлкөлөрдө алдыда боло турган табигый кырсык жана ага даярдык көрүү тууралуу жамааттык ЖМК эскертет. Бул сессияда табигый кырсыкка чейин, учурунда жана кийин жамааттык ЖМКлар кандайча колдонулганы, ошондой эле табигый кырсык болгон учурларда жергиликтүү деңгээлде көрүлө турган чаралар жөнүндө сөз болот.

Кыргызстандын тоолуу табиятынын шартында  болуп туруучу кырсыктар: жер көчкү, кар көчкү, сел коркунучу, жер титирөө  ж.б. болгон учурларда жамааттык жалпыга маалымдоочу каражаттар жергиликтүү элге  кандай жардам бере ала тургандыгына басым жасоо зарыл.

